УДК: 94:94 1/575 0845

Алымбеков К.А., Кангелдиев Б.С.

*К.Тыныстанов ат.ЫМУ*

# КЫЗЫЛ КОМАНДИР ТУРДУБЕК УСУПБЕКОВ

*Макалада кыргыздан чыккан алгачкы кызыл командирлердин бири Турдубек Усупбековдун совет мамлекетин бекемдөөдөгү жасаган ишмердүүлүгү, басмачыларга каршы күрөшүүдө, Улуу Ата Мекен согуш мезгилинде көрсөткөн эрдиктери жөнүндө баяндалат*

Советтик Кыргызстанды түзүүгө, анын жаркын идеяларын турмушка ашырууда активдүүлүктү көргөзгөн, кыргыз Атчандар Армиясынын командири, Советтер Союзунун эң биринчи жогорку сыйлыгы Кызыл Туу орденине татыктуу болгон инсан − Турдубек Усупбековдун басып өткөн жолуна кайрылмакчыбыз.

Тарыхый маалыматтарга таянсак, кызыл командир Турдубек Усупбеков өз эрдиктери үчүн Советтер Союзунун биринчи ордени Кызыл Туу орденине 1930-жылы көргөзүлсө, Эмгек Кызыл Туу орденине Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков 1932-жылы ээ болгон. Бул ордендердин негизинде 1934-жылы 16-апрелде Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наам уюштурулган. Бул орден менен жогорку наамдын негизи бир болгондуктан, биздин жеке пикирибизде, ага көргөзүлгөн жана аны 1930-жылга чейин алгандар «Баатыр» наамына татыктуу деген ойдобуз.

Оор күндөрдү башынан өткөрүп, турмуштун катаал запкысына бышып чыйралган Турдубек Усупбеков 1906-жылы Түп районунун Талды-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. 1916-жылкы каардуу Үркүндү, Кытай жергесиндеги кайгылуу турмушту башынан өткөрдү. Анын жалындуу жаштыгы Октябрь революциясынан кийинки жаш Кеңеш өкмөтүн куруу дооруна туш келди. Жыйырманчы жылдардын ортосунда Кыргыз улуттук атчандар эскадрону уюшулуп, ага өз ыктыярлары менен кыргыз жаштары агылып келе баштаган. Бирок ага кирүүгө болгон талап өтө жогору болгон. Жаштайынан чыйрак жетилип, зээндүү чоңойгон Турдубек Усупбеков ушул эскадронго илгиртпей өтүп, бир аз убакыттан соң командирлерди даярдоо мектебин «эң жакшы»деген баалар менен аяктап, аскердик кызматтардын көп баскычтарынан өтөт.

Кыргыз Улуттук Атчандар эскадронунан жыйырма жашында машыгуудан өткөн Турдубек Усупбеков аскердик турмушунда көп ийгиликтерге жетишип, Кыргыз АССР Аткаруу Комитетинин грамоталары, ысымы жазылган мылтык, шамшар бычак жана башка баалуу белектер менен сыйланган. Чаткал, Кызыл-Жар райондорунда басмачылык күчөп, тоо койнунда бейкут жаткан элге бүлүк сала баштаганда, ал жакка шашылыш түрдө дивизиондук атчандар жөнөтүлөт. Каракоюн, Үчмарал, Айрыбелдеги салгылашууларда Турдубек Усупбеков баштаган атчандар дивизиясынын аскерлери Муса Дөөлөтбаев, Казыбек Кыдыралиевдер эрдик көргөзүшүп, үчөө тең Кызыл Туу ордени менен сыйлоого сунуш кылынган.

Ал аңгыча Фергана өрөөнүндө басмачылык күчөп, советтик-партиялык кызматкерлерди өлтүрүп, аялдарды басмырлап, зомбулуктун каары күчөп турган мезгилде, Т.Усупбековдун атчандар отряды шашылыш түрдө поезд менен ал жакка жөнөтүлөт. Гүлчө, Алай тарапта, өзгөчө, Карачал ашуусунун түбүндө кырчылдашкан салгылаштар болот. Мында да Турдубек Усупбеков, Асан Алиев,

Кожобек Күзөмбаев, Төлөгөновдор өзгөчө эрдик көргөзүшүп, өкмөттүк жогорку сыйлыка татыктуу болушкан.

Кыргыз Улуттук Атчандар дивизионунун мына ушундай күжүрмөн эрдиктеринин натыйжасында Түштүк Кыргызстанда жана Талас өрөөнүндө басмачылык козголоңдор басаңдап, бай-манап элементтери кулака тартылып, башчылары атылат. Талас, Чаткал, Кызыл-Жар, Базар-Коргон, Наманган, Өзгөн, Мырзаке, Кара-Кулжа, Алайкуу аймактарында совет бийлигине, социалисттик түзүлүшкө каршы аттанган бандаларды талкалап, контрреволюцияны кан буугандай токтоткону үчүн Т.Усупбеков баштаган бир катар атчандар дивизионунун командирлери Күжүрмөн Кызыл Туу ордени баш болгон сыйлыктар, айрымдары ысмы жазылган кылыч, мылтык, маузер, шамшар, дүрбү, чынжырлуу саат сыяктуу кымбат буюмдар менен сыйланышкан.

Турдубек Усупбеков Ташкенттеги Орто Азия Бириккен аскер мектебин ийгиликтүү аяктаган соң, Кыргыз Улуттук Атчандар дивизиону Кыргыз Улуттук Атчандар полкуна айландырылганда, ошол полктун 1-эскадронуна саясий жетекчи болуп дайындалат да, 10 жылга жакын кызмат өтөгөн соң, 1935-жылы демобилизацияланат.

1937-жылы 11-майда Кызыл Армиянын жогорку курамындагы Тухачевский, Якир, Уборевич баш болгон аскер жетекчилер камалып, аларга «мекенди саткан, тыңчы, шпион, контрреволюциялык уюмдарды уюштуруучулар» деген айыптар тагылып, мамлекеттик кылмышкерлер катары 12-июнда атылган соң, эми «эл душмандарын» бүт өлкө Кызыл Армиянын арасынан издей башташат. Андай элементтерди Кыргыз Улуттук атчандар полкунан да табышкан. Биринчи болуп, 1937-жылы 1-августа экинчи эскадрондун командири Асан Алиев камалган.

Ага удаа эле 1938-жылы мартта «Социал-Туран партиясынын аскердик филиалын уюштуруучулар, совет өкмөтүн кулатууга ниеттенген улутчулдар» деген айып менен, аракетте турган жана мурдагы командирлердин курамы, анын ичинде Турдубек Усупбеков баш болгон 44 адам камалат. Кыргыздын мыкты уулдары Аден Истамбеков, Кожобек Күзөмбаев, Асан Алиевдер түрмөдөгү кыйноодон каза табат. 1939-жылы майда иш оңунан чыгып, «Москвадагы биринчи баш кесер» Ежовдун көзү тазаланган соң, калган 41 адам, анын ичинде Турдубек Усупбеков да бошонуп чыгат. 1941-жылдын июнь айына чейин өз айылы Талды-Сууда мугалим болуп эмгектенет. Улуу Ата Мекендик согуш башталары менен Кызыл армияга чакырылып, адегенде Чүй боорунда түзүлгөн аскердик бөлүктөрдүн биринде согуш тактикасын даярдоо курсуна жиберилип, алты айдан кийин фронтко аттанып, Москванын алдындагы кандуу согуштарга катышкан. Ага лейтенант Т.Усупбеков 7-аба-десанттык гвардиялык аткычтар дивизиясынын 21-аба десанттык гвардиялык полкунун аткычтар взводунун командири болгон. Украинанын көптөгөн шаар жана айыл-кыштактарын бошотууга катышат. 1943-жылы 21-августа Полтава облусундагы Котельва шаарчасын бошотуу үчүн болгон катуу салгылашта 37 жаш курагында курман болуп, сөөгү шаардын борбордук паркындагы «Боордоштор көрүстөнүнө» коюлган. Андагы чоң гранит тактанын бетинде Турдубек Усупбековдун ысымы бадырайып турат. Ага жакын жерде «Ким болсоң да таазим кылып өт. Мында сен үчүн, мен үчүн, бүт Мекенибиз үчүн курман болгон бир боорубуз жатат!» деген муңайым жазуу бар. Улуу Ата Мекендик согуштун убагында Турдубек Усупбековдун аба-десанттык бөлүктө кызмат өтөгөнү эле көптү билдирет. Аба-десанттык бөлүккө ден соолугу мыкты, өтө ишенимдүү, такшалган, аскердик тартипти катуу сактаган, согуш аракеттери Башкы штабда, Жогорку

Башкы командачынын Ставкасында каралуучу дасыккан аскер адамы кабыл алынчу. Т.Усупбековдун Улуу Ата Мекендик согуш учурунда өкмөттүк сыйлыктарга көргөзүлгөнү өзүнүн үй-бүлөсүнө жазган каттарынан улам белгилүү.

Ошентип, Турдубек Усупбековдун алгачкы өмүр чыйыры улуттук аскердик түзүлүшүбүздүн башаты болгон Кыргыз Улуттук атчандар эскадронунун тарыхы менен тыгыз байланышкан. Жылдар оошуп, доор өзгөрүлдү. Эгерде Турдубек Усупбеков тирүү болгондо, өткөн жылы туура жүз жашка чыкмак. Бирок анын эрдиги тарыхта өз ордун таап, эгемен элибиздин жаш муундарына чоң таасирин тийгизип, эрдиктин жана баатырдыктын үлгүсү болоору шексиз.

Эми Турдубек Усупбековдун үй-бүлөсү тууралуу кыскача маалымат. Өмүрлүк жубайы Жамиля Найманбаева белгилүү мамлекеттик ишмер Найманбай Кошоевдин кызы болгон. Жамиля эже адегенде Фрунзе педтехникумун, андан кийин төрт баласын колуна кармап жүрүп Пржевальск пединститутун бүтөт. Түп районундагы М.Элебаев атындагы мектепте 40 жылдан ашык эмгектенип, 2007-жылы 96 жаш курагында дүйнөдөн өткөн. Азыркы мезгилде Турдубек Усупбековдун 4 уулу, 13 небереси, 24 чөбөрөсү, 4 кыбырасы бар.

**Адабияттар:**

1. Лайлиев О. Последняя схватка. –Фрунзе, 1967.
2. Түнтеев Н. Красные кавалеристы Кыргызстана. –Бишкек, 1997.
3. Турсунов Э. Кавалериялык полктун командири Т.Усупбеков. –Бишкек, 2000.
4. Улуттук энциклопедия «Кыргызстан». 7-том 277- бет.